КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**21-май 2026-жыл № 16** **Совет айылы**

**Кара-Жыгач айылында жайгашкан А.Осмонов атындагы № 38 жалпы билим берүү мектебинин эски ордуна жабык типтеги кичи футбол аянтчасын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 13-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 32, 35, 78-беренелерине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3, 5-пунктарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Шаар куруу жана архитпектура жөнүндө мыйзамдарына ылайык, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Жыгач айылында жайгашкан А.Осмонов атындагы № 38 жалпы билим берүү мектебинин мурдагы (эски) пайдаланылбай турган жер тилкесине жабык типтеги кичи футбол аянтчасын курууга макулдук берилсин.

2. Курулуш иштерине тиешелүү долбоордук-сметалык документация белгиленген тартипте даярдалып, санитардык, коопсуздук жана шаар куруу нормаларынын талаптарына ылайык келтирилсин.

3. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыяланcын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**